| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br>**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**<br>**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 19- кезексиз сессиясыны

ТОКТОМУ № 9-15-1

Көк-Ой айылы 2020- жылдын 7-сентябры

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин сунушун кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-октябрындагы №512 токтомуна негизинде, Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин тарыхый-маданий мурас обьекттерди сактап калуу, туура пайдалануу жана туризмди өнүктүрүү максатында берген сунушун угуп жана талкуулап Көк-Ой айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айыл аймагындагы жер участокторун которууга берилип жаткан 43 гектар жер тилкесинин келечекте жумшала турган акча каражатынын жумшалышы боюнча жана аткарыла турган иш аракеттеринин планы тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркелет)
2. Көк-Ой айыл аймагында жайгашкан археологиялык эстеликтер (Кайырма жана Көк-Ой көрүстөндөр тобу) жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий эстеликтердин тизмесине бекитилген тартипте киргизилишине макулдук берилсин.
3. Археологиялык эстеликтердин (Кайырма жана Көк-Ой көрүстөндөр тобу) аймагында жана аларга чектеш аймактарда 50 метр аралыка чейин жер иштетүү, курулуш, чарбалык жана башка иштердин бардык түрлөрүн жүргүзүүгө тыюу салынсын.
4. Археологиялык эстеликтердин коргоо чөлкөмдөрүнүн долбоору иштелип чыксын жана эстеликтердин жер тилкелерин тарыхый-маданий багытында мөөнөтсүз пайдаланууга макулдук берилсин.
5. Археологиялык эстеликтердин жер участокторун тарыхый-маданий багытында ажыратууга макулдук берилсин жана укук күбөлөндүрүүчү документ алуу иштери уюштурулсун.
6. “Кайырма” көрүстөндөр тобун сактоону, коргоону камсыз кылуу максатында колдонуудагы көрүстөнгө сөөк коюуга тыюй салынсын жана археологиялык адистерди тартуу менен тарыхый-маданий мурас обьекттерде археологиялык илимий изилдөө, казуу жана документтештирүү иштери уюштурулсун.
7. Жогорудагы аталган археологиялык эстеликтерди жана алардын ландшафт аймагын сактоо, коргоо жана туризм тармагында пайдалануу боюнча иш чаралар планы иштелип чыксын.
8. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
9. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Көк-Ой айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мамытбековго тапшырылсын

**Төрага** **Ж.Жакыпов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 15-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-15-2

Көк-Ой айылы 2020- жылдын 7- сентябры

**Көк-Ой айыл аймагына караштуу Кичи-Арал айылынын атын өзгөртүү жөнүндө**

Көк-Ой айыл аймагына караштуу Кичи-Арал айылына 2010-жылдагы 7-апрель революциясынын катышуучусу "Кыргыз Республикасынын Баатыры" маркум Кулубаев Жыргалбек Советбековичтин наамын ыйгыруу тууралуу сунушту угуп жана талкуулап, Көк-Ой айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айыл аймагына караштуу Кичи-Арал айылына 2010-жылдагы 7-апрель революциясынын катышуучусу "Кыргыз Республикасынын Баатыры" маркум Кулубаев Жыргалбек Советбековичтин наамын ыйгырууга макулдук берилсин

2. Наамын ыйгарууга тийиштүү документтерди бүтүрүү жана мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы маркум Кулубаев Жыргалбек Советбековичтин уулу Советбеков Бексултан Жыргалбековичке милдеттендирилсин

3. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Көк-Ой айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мамытбековго тапшырылсын

**Төрага** **Ж.Жакыпов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 15-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-15-3

Көк-Ой айылы 2020- жылдын 7- сентябры

**Көк-Ой айылдык кеңешинин 7-февраль 2020-жылдагы IX-чакырылышынын 8- кезексиз сессиясында бекитилген акча каражатын жылдыруу жөнүндө**

Көк-Ой айыл кеңешинин 7-февраль 2020-жылдагы IX- чакырылышынын 8-кезексиз сессиясында бекитилген акча каражатын жылдыруу жөнүндө сунушту угуп жана талкуулап Көк-Ой айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2020-жылдын “Күн-Желеси” бала бакчасына 2218 статьясына каралган тамак аш алууга 30200(отуз миң эки жүз) сом каралган акча каражаты, аппарат бөлүмүнүн 2215 9ар кандай чыгымдар) статьясына жылдырылсын.

2. Аппарат бөлүмүнүн 2215(ар кандай чыгымдар) статьясына жылдырылган какча каражаты 12000(он эки) миң сом чарба китеп алууга, 6200 (алты миң эки жүз) сом архитектурага көчө чырактарына,1200 (он эки) миң сомду (газон) смета жазып берүүгө төмөнкү акча каражаты жылдырылып берилсин.

3. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы төраганын орун басары А.Сапарбековго тапшырылсын.

Төрага Ж.Жакыпов.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КӨК-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КӨК-ОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

Көк-Ой айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX- чакырылышынын 15-кезексиз сессиясынын

ТОКТОМУ № 9-15-4

Көк-Ой айылы — 2020- жылдын 7- сентябры

**Токтомду жокко чыгаруу жана комиссиянын курамын түзүү жөнүндө**

Көк-Ой айылындагы Турусбек уулу Султан атындагы орто мектебинин капиталдык ремонтунан чыккан эски материалдарды баалоого жана сатууга карата комиссия курамын түзүү жөнүндөгү снушту угуп жана талкуулап, Көк-Ой айылдык кеңешинин 2019-жылдагы №2 токтомун жокко чыгаруу максатында, Көк-Ой айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Көк-Ой айылдык кеңешинин 2019-жылдын 26—декабрындагы №2 токтому күчүн жоготту деп табылсын;
2. Эски материалдарды баалоого жана сатууга карата төмөндөгүдөй жаңы курамда комиссия түзүлсүн;
   - Сапарбеков Атайбек –айылдык кеңештин депутаты,комиссиянын төрагасы;
   - Андабасов Абдилкасы-экономиика жана статистика боюнча жетектөөчү адис,комиссиянын катчысы;

   Мүчөлөрү:
   - Кемелов Нурлан-айылдык кеңештин депутаты;
   - Салидин уулу Дастан- айылдык кеңештин депутаты;
   - Тентиева Нуржанат-бөлүм башчынын м.а;
   - Чалов Кудайберген- мектеп директору;
   - Садабаев Барылбек –чарба башчы;
3. Мектептеги эски материалдарды (эски темир калдыктары,эски батареялар,эски каалга- терезелер, жыгачтар) баалоо жана акт түзүү, түзүлгөн актынын негизинде сатуу мененайыл өкмөтүнүн эсептик счету аркылуу кириштелип, сатып алуу мыйзамына ылайык чыгышталып мектепке керектүү жабдууларды сатып алуусуна макулдук берилсин;

3. Бул токтом jumgalrma.kg сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы Көк-Ой айыл өкмөтүнүн башчысы А.Мамытбековго тапшырылсын.

Төрага — Ж.Жакыпов.